**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**ТАЛАС МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Окумуштуулар кеңешинин отурумунда
каралган жана сунушталган
Токтом №6 «28» 02 2024-ж
Ректор ____________ Ж.С. Шаршембиев

# 2023-2028-жылдары
# Талас мамлекеттик университетин (ТалМУ)
# ӨНҮКТҮРҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ

Талас – 2023

## МАЗМУНУ

I.КИРИШҮҮ....................................................................................................................................3
II.УНИВЕСИТЕТТИН ӨТКӨН ЖЫЛДАРДАГЫ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ…………………………………………………………………….....4
2.1. Окуу процесси.........................................................................................................................4
2.2. Илимий-изилдөө ишмердүүлүгү ..........................................................................................6
2.3. Профессордук-окутуучулук курам ......................................................................................7
2.4. Тарбия жана коомдук иштер ..................................................................................................8
2.5. Материалдык-техникалык база ..............................................................................................9
2.6. Башкаруу системасы жана ЖОЖдун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыздоо ...11
2.7. ТалМУнун 2018-2023-жылдардагы ишмердүүлүгүнө статистикалык талдоо…..12
2.8. Негизги көйгөйлөргө талдоо ..........................................................................................19
III. УНИВЕРСИТЕТТИН МИССИЯСЫ......................................................................................20
IV.УНИВЕРСИТЕТТИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН СТРАТЕГИЯЛЫК МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ ..................................………………………………….................23
V.ТАЛАС МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН СТРАТЕГИЯЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ ПЛАНЫ.........................................................................................................................................24
VI.ТАЛМУНУН СТРАТЕГИЯЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮСҮН ИШТЕП ЧЫГУУДА ПАЙДАЛАНЫЛГАН ПРОГРАММАЛЫК ЖАНА НОРМАТИВДИК-УКУКТУК ДОКУМЕНТТЕРДИН ТИЗМЕСИ ...........................................................................................45

# КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасында билим берүү системасына олуттуу маани берилип жатат. Себеби 21-кылымда сапаттуу билим, илимий-инновациялык изилдөөлөр, технологиялар аркылуу гана адам ресурсун жана экономиканы өнүктүрүүгө болорун турмуш көрсөтүп койду. Андыктан, замандын талабына ылайык, адам ресурсун өнүктүрүү аркылуу экономиканы өнүктүрүү алдыңкы милдеттерден болуп калды. Өлкөдө социалдык-экономикалык өнүгүүнү камсыздоо үчүн адам капиталынын маанилүүлүгүн көптөгөн изилдөөлөр ырасташкандай, адам капиталын инвестициялоо туруктуу жана узак мөөнөттүк экономикалык өнүгүүгө өбөлгө болот. Өнүккөн өлкөлөрдө адам капиталы негизги капиталдын баасынан 1,5 эсеге жогору турат жана анын ИДПнын өсүшүнө 60-80% салымы бар.

Кыргыз Республикасында 2021-2040-жылдарда билим берүүнүү өнүктүрүү Стратегиясы Кыргыз Республикасынын 2018-2040-жылдардагы Улуттук өнүктүрүү Стратегиясынын принциптеринин жана негизги артыкчылыктарынын негизинде иштелип чыккан. Кыргыз Республикасынын Улуттук өнүктүрүү Стратегиясына ылайык билим берүү системасы билимдерин жана компетенцияларын практикада колдоно алган, ар бир адамдын потенциалын ача билген, гармониялуу инсанды тарбиялоого багыталышы керек. Ар бир жаран сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

2021-2040-жылдардагы КР билим берүүсүн өнүктүрүүнүн Стратегиясына ылайык билим берүү системасында жарандарды окутуу жана тарбиялоонун негиздери:

- Санариптик экономикада санариптик окуу жана иштөө мүмкүнчүлүгүнө ээ, маалыматтык-байланыштык технологияларды пайдалана билген, күчтүү байланыштык көндүмдөргө ээ болуусу;
- Адамдардын укуктарын жана эркиндигин, инклюзивдүүлүгүн, гендердик теңчилигин баалаган,маданий,этникалык жана саясий ар түрдүүлүктөрдү жана жарандык баалуулуктардын негизинде калыптанынган жана өз оюн ачык билдире алуусу;
- Турмушта жана эмгек рыногунда ийгиликтерди камсыздоочу жалпы жана кесиптик компетенцияларга ээ болуусу;
- Өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнө чыгармачыл жана жаңычыл мамиле кылуусу;
- Дайыма инсандын өнүгүүсүн жана коомдук жана кесиптик суроо-талаптарды камсыздоочу XXI кылымдын компетенцияларына ээ болуусу;
- Адамдын укугунун жана эркиндигинин баалуулуктарын, инклюзиясын, гендердик теңчилигин айырмалай билген, маданий, этникалык жана саясий ар түрдүүлүгүн сыйлаган;

- Жашоодо ийгиликтүү болууга, эмгек рыногунда анын ичинде эл аралык деңгээлде эмгек рыногунда жогорку орунду камсыздоочу жалпы/негизги жана кесиптик/предметтик компетенцияларга ээ болуусу;
- Санариптик экономиканын жана санариптик окутуунун алкагында маалыматтык-байланыштык технологияларды колдоно алуусу;
- Кесипти формалдуу эмес, аң-сезимдүү тандоого жөндөмдүү болуусу;
- Кесиптик ишмердүүлүгүнө чыгармачыл жана жаңычыл мамиле жасай билүүсү, билимин колдоно билүүсү зарыл.

Талас областы Кыргыз Республикасынын агрардык региондорунун бири. Талас областын өнүктүрүүнүн негизги факторлорунун бири - жогорку квалификациялуу педагогикалык кадрларды даярдоо жана эл чарбасынын негизги тармактары үчүн адистерди даярдоо. Рынок экономикасынын шартында ишканалар жана уюмдарда өзгөрүп жаткан эмгек рыногунун шарт-талаптарына ылайыкташып, иштөөгө жөндөмдүү, ийкемдүү жогорку жана орто квалификациялуу кадрларга муктаждыктар жаралууда. Жогорудагы факторлорду талдоонун негизинде 2023-2028-жылдары ТалМУну өнүктүрүү Стратегиясы иштелип чыкты.

2020-2040-жылдарда Кыргыз Республикасынын билим берүүсүн өнүктүрүүнүн Стратегиясынын алкагында 2018-2023-жылдары Талас мамлекеттик университетин өнүктүрүүнүн стратегиясын ишке ашыруунун алкагында университеттин билим берүү жана илим, тарбия жана коомдук иштер багытындагы ишмердүүлүгүндө пландалган көрсөткүчтөрүн көбүн ишке ашырды. Структуралык маанилүү жана мазмундуу реформаларды жүргүзүүдө ЖОЖдун иш алып баруусунда туруктуулук сакталды.

Маалыматтарга таянсак, 2018-жылга салыштырмалуу күндүзгү окуу бөлүмүндө окуган студенттердин саны 0,9 эсе көбөйгөн. ЖРТнын негизинде ЖОЖго абитуриенттерди кабыл алууда ачык-айкындуулук камсыздалган, окуу процесси санариптештирилип, билим берүү сапатына басым жасалган, бардык билим берүү программалары программалык жана институционалдык көз карандысыз аккредитациядан өткөрүлгөн.

Ошентип, 2018-2023-жылдарда ТалМУну өнүктүрүүнүн стратегиясын ишке ашырууда ЖОЖдун инфраструктурасын түзүүдө ийгиликтер болду жана инсандык өсүүсү үчүн мүмкүнчүлүктөр түзүлүп, билим берүүдө кесиптик компетенцияларды калыптандырууга көңүл бурулду.

Жалпысынан, 2018-2023-жылдарда ТалМУну өнүктүрүүнүн стратегиясынын тенденциясы ЖОЖдун бардык ишмердүүлүгүнүн сапатын жогорулатууга жана азыркы замандын шартына ылайык, университетти жаңыча өнүгүүнүн траекториясына алып чыгууга багытталган.

.

## II. УНИВЕРСИТЕТТИН ӨТКӨН ЖЫЛДАРДАГЫ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

### 2.1. Окуу процесси

Талас мамлекеттик университети (ТалМУ) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2000-жылдын 25-июлундагы №189 Жарлыгынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Талас мамлекеттик университетин түзүү жөнүндө” 2000-жылдын 4-сентябрындагы №546 токтомунун негизинде, И.Арабаев атындагы КМПУнун Таластагы

филиалы, Ж.Баласагын атындагы КМУУ, КМКТАУ, Кыргыз агрардык академиясы жана Талас айыл чарба техникумунун базасында түзүлгөн.

ТалМУ юридикалык субъект катары юстиция органдарында 2000-жылдын 7-декабрында катталган. ТалМУ 2015-жылдын 17-февралында Талас шаарында жайгашкан КР юстиция министрлигинин Талас областтык юстиция башкармалыгынан юридикалык жак катары мамлекеттик каттоодон кайрадан өткөн (катталуу №89617-3307-У-е,код ОКПО 22252564).

Университеттин курамына 3 факультет, орто кесиптик билим берүү бөлүмү (ОКБББ), аралыктан билим берүү технологиялары бөлүмү (АББТБ) кирет.

ТалМУга кадрларды даярдоо жалпы орто, орто кесиптик, жана жогорку билим берүүнүн базасында күндүзгү жана аралыктан окутуу технологиясын колдонуу менен сырттан окуу формасында жүргүзүлөт.

Университет педагогикалык,филологиялык билим берүү,техникалык илимдер, айыл чарба илимдери багытында 22 адистикте адистерди жана 12 багыттагы бакалаврларды даярдайт. Квалификациялуу кадрларды даярдоонун сапаты Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы лицензия берүүчү мамлекеттик инспекциясынын аттестациясы жана көз карандысыз аккредитациялык агенттиктердин акредитациясы аркылуу аныкталат.

2013-жылдан тартып жогорку окуу жайында окуу процесси кредиттерди топтоо жана которулуунун Европалык системасын колдонуу менен уюштурулган. Университеттеги адистиктердин дисциплиналары окуу-методикалык материалдар, окуу куралдары, окуу-усулдук колдонмолор менен жаңыланып турат. Университеттин интернет класстары, аралыктан окутуу технологиялары лабораториясы, интернетке чыгуучу мультмедиялык лаборатория, лингафондук кабинеттер, ботаника, зоология, цитология, органикалык химия, Кыргызстандын географиясы,э кология жана топурак таануу лабораториялары бар. Университетте англис тили, орус тили жана адабияты, кыргыз тили жана адабияты, педагогика, математика, физика, информатика, табият таануу кафедраларынын ресурстук борборлору иштейт. Жогопруда аты аталган борборлор интернетке кошулган заманбап компьютерлер жана башка оргтехникалар менен жабдылган. Окуу-усулдук чеберканалар “Транспорттун техникасы, кызмат кылуусу жана ондоп-түзөө”, “материал таануу жана конструкциялык материалдардын технологиясы” дисциплиналарына, автомобилдин курулушу боюнча лабораторияга адистештирилген.

Талас мамлекеттик университетинде аралыктан окутуу технологияларын колдонуу менен окуу процессинде окуу-усулдук ресурстар жайгаштырылган eBilim программасынын жана http://213.145.148.164 билим берүү порталынын жардамы менен уюштурулат. Кайрадан кабыл алынган студенттер каттодон өтүп, билим берүү порталына кирүүдө уруксат алуу үчүн логин жана пароль алышат. Бардык өтүлүп жаткан дисциплиналар боюнча электрондук окуу-усулдук комплекстер (ЭОУК), видео сабактар, PPP-слайддар иштерип чыккан. Окуу процессинде окутуунун интерактивдүү ыкмалары болгон, чакан топтордо иштөө, жупта иштөө, оюн аркылу окутуу (ролдордоштуруу оюну, имитация, иш оюндары жана билим берүүчү оюндар), экскурсия, дебаты, көйгөйлөрдү чечүүчү (“суроолор дарагы”, “мээ чабуулу”, “кейс-усул”), презентациялар жана башка усулдар, ошондой эле заманбап интернет-технологиялар кеңири колдонулат.

Талас областынын, Талас шаарынын мектептери жана Улуттук «Манас-Ордо» комлекси тыгыз иш жүргүзүлөт. Талас областынын көптөгөн ишканалары: стат башкаруу, налог инспекциясы, социалдык фонд жана бир катар банктар - “РСК-банк”, “ЭКО

исламик банк", "Кыргызстан", "Аман банк"," "Оптима банк", KICB" банк жана анын райондук филиалдары, сактык кассалары жана чакан кредиттик компаниялар "Бай-Түшүм", "Мол-Булак, "Мегаком"компаниясынын Талас областындагы филиалы, "Талас-ПЭС", "Талас-Сүт" ЖАКы, "Биримдик" АКсы, айыл өкмөттөрү, Талас областтык ички иштер бөлүмү жана анын райондук филиалдары, Талас областтык транспорт инспекциясы, "Түндүк-электр" ААКнын Талас областындагы филиалы, Талас областык жогорку чыңалуудагы электр тармактар ишканасы ж.б.мекеме, ишкана, уюмдар менен тыгыз иш жүргүзүшөт.

Төмөндөгү ЖОЖдор менен кызматташуу боюнча келишимдер түзүлгөн: Алтай мамлекеттик университети (Россия), Урал экономикалык университети (Россия), Урал федералдык университети (Россия), Бельгия билим берүү кеңеши (Бельгия), КИИТ (Индия), Анадолу (Турция), Ататүрк (Турция), Кастамону университети (Турция) Яссы (Румыния), Лас-Пальмас-де-Гран-Канария (Испания), Ш.Валиханов атындагы Көкчө-Тоо мамлекеттик университети (Казахстан), Ивана Франко атындагы Житомир мамлекеттик университети (Украина), Колдонмо илимдер университети (Германия), Загреб университети (Хорватия), Банк колледжи (Прага), Тараз инновациалык-гуманитардык университети (Казахстан), Эл аралык туризм университети (Узбекистан), У.А.Джолдасбеков атындагы экономика жана укук академиясы (Казахстан), Ж.Баласагын атындагы Улуттук университет, Ош мамлекеттик университети, И.Ахунбаев атындагы кыргыз медициналык академиясы, Кыргыз-Өзбек мамлекеттик университети, Жалал-Адаб мамлекеттик университети, Ош мамлекеттик педагогикалык институту, К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети, С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети, Баткен мамлекеттик университети ж.б.

Эрасмус+ программасы боюнча жана кредиттик мобилдүүлүк боюнча Германия, Италия, Испания, Турция, Чехия, Финляндия, Румыния, Литва мамлекеттеринде университеттин окутуучулары стажировкадан өтүп келишти. Талас мамлекеттик университетинде кредиттик мобилдүүлүк боюнча Лас-Пальмас-де-Гран Канария жана Александра Иоан Куза университети (Румыния) менен 2 долбоору ишке ашты. Университеттин окутуучулары, аспиранттары, студенттери жакынкы жана алыскы чет мамлекеттер: Россия, Испания, Бельгия, Финляндия, Турция, Польша, Хорватия, Чехия, Румыния, Германия, Италия ж.б.окуп, практикадан өтүшүп, стажировкада болушту.

## 2.2. Илимий-изилдөө ишмердүүлүгү

ТалМУнун илимий-изилдөө иштеринин багыты ЖОЖдун илимий потенциалына карата, региондогу көп профилдүү университет катары илимди өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары эске алынуу менен, Талас областынын керектөөлөрүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин талаптарына ылайык аныкталат.

КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Илим департаменти тарабынан артыкчылыктуу багыттардын алкагында аныкталып, университеттин илимий-изилдөө иштеринин негизги багыттары катары төмөнкүлөр аныкталган: жаратылыш

ресурстарын рационалдуу пайдалануу, информациялык технологиялар, туризм жана транспорттук логистикалык система, коомдук жана гуманитардык илимдер.

2018-жылы мамлекеттик бюджеттен суммасы 1045000 сомду түгөн 4 илимий тема, 2019-жылы жалпы суммасы 1880700 сомду түзгөн 5 тема, 2020-жылы жалпы суммасы 2578300 сомду түзгөн 6 тема , 2022-жылы 1,5 млн сом өлчөмдө илимий долбоорлор ишке ашырылды. Ойлоп табуу боюнча 6 патент алынган.

Илимий-изилдөө иштери окуу процессинде бекитилген илимий иштердин пландарына, окутуучулардын жекече иш пландарына ылайык жүргүзүлөт. Университеттин илимий-изилдөө иши илимий багыттар боюнча 37 диссертациялык иштин темасын камтыган 6 багытта жүргүзүлөт.

ПО курамы эл аралык, республикалык, регионалдык конференцияларга активдүү катышышат. 2018-2023-жылдардын аралыгында системаларда индекстелген мезгилдүү басмаларда жарык көргөн макалалардын саны: *Scopus* – 6, *РИНЦ*тен– 84, КРдин *РИНЦинен* – 325, 5 монография, 14 окуу китеби, 120 окуу-усулдук иштер

Азыркы учурда ТалМУда 37 изденүүчү-аспирант эмгектенет, алардын ичинен 7 докторант жана 31 аспирант ТалМУнун кафедраларында илимий-изилдөө иштерин аткарышууда. 2018-жылдан бери аспирант-изденүүчүлөрү илимий иштерин ийгиликтүү коргошту. Мисалы, 2018-жылы 1 докторлук диссертация жана 2019-жылы 1 докторлук диссертация, 2021-жылы 1 кандидаттык диссертация, 2022-жылы 2 кандидаттык диссертация, 1 докторлук диссертация, 2023-жылы 1 кандидаттык диссертация корголду. ТалМУнун Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен диссертанттарга материалдык колдоо көрсөтүү үчүн кандидаттык диссертациясын коргогондорго 62000 сом өлчөмүндө, докторлук диссертациясын коргогондорго – 100000 сом өлчөмүндө, ошондой эле КР ЖАКы тарабынан бекитилгенде 3 жана 5 айлык маяна өлчөмүндө сый акы берилет. Мындан тышкары, ТалМУ диссертациянын авторефератын чыгарууну каржылайт.

2018-жылдан 2023-жылга чейинки аралыкта 7 эл аралык, 12 республикалык, 6 окуу жайдын ичиндеги конференция уюштурулду. РИНЦтен илимий макалалардын 6 жыйнагы жарыкка чыгарылды. “Илимий изилдөө аркылуу билим алуу” принцибин ишке ашыруу студенттерди илимий изилдөө иштерин жүргүзүүгө активдүү аралаштырууну шарттайт. 2018-жылдан 2023-жылга чейинки аралыкта 7 студенттик илимий-практикалык конференция өткөрүлүп, 765 студент филологиялык, педагогикалык, гуманитардык-социальндык-экономикалык, техникалык жана табийгый илимдер багыттары боюнча докладдары менен катышышты.

### 2.3. Профессордук-окутуучулар курамы

.ТалМУнун потенциалдык курамы жогорку квалификациалуу, окуунун отличниги, экономикалык, маданий жана спорт боюнча, илим жана техника тармагындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаттарынан турат

ТалМУнун прфессордук педагогикалык курамы 2022-2023-окуу жылында 100 окутуучу, анын ичинен 72 штатта турат. Илимдин докторлорунун жалпы саны - 5, кандидаттар – 36. Жогорку квалификациалуу окутуучулардын жалпы штаттык проценти 45-51% түзөт.

2015-2023-жылдар аралыгында эл аралык проект боюнча 30 ашык окутуучу жана кызматкерлер стажировкадан өтүшкөн. Стажировкадан Европалык союздардын жана кредиттик мобилдүүлүк боюнча проектилеринен өтүшкөн. Кырмеду проектисинен 7 окутуучу Германиядан, Румыниядан – 3 окутуучу, Хорватиядан – 3 окутуучу өттү. MIND проектиси боюнча Словкакиядан - 5 окутуучу өтүп келишкен. ССДС проектиси боюнча

Эстония, Румыния и в Англиядан - 4 окутуучу өтүштү. 2013-2020-жылдары проект боюнча 530154-TEMPUS-1-22-1-IT-TEMPUS-JPGR «Student Support and Development Services» «Студенттик кызматтарды колдоо жана өнүктүрүү долбоору боюнча 6000,0 евро суммасында жабдуулар алынган, “Quadriga” qualification frame works in central asia: bologna-based principle sand regional coordination, проекти боюнча «Борбордук Азиядагы квалификациялык алкактары: “Болон жана аймактык кызматташтык принциптерине шайкеш келтирүү” долбоорунун алкагында 5000,0 евро, TuCAHEA: - «To wards a Central Asian Higher Education Area», «Борбордук Азиянын жогорку билим берүү аймагына карай”долбоорунун 4000,0 евро жабдууларды алышты. ЮНИВОРК – «Strengthening Career Centres in Central Asia Higher Education Institutions to empower graduates in obtaining and creating quality employment», «Бүтүрүүчүлөргө сапаттуу жумушка орношуу жана түзүүгө мүмкүнчүлүк берүү үчүн борбордук Азиядагы карьера борборлорун бекемдөө жана жогорку окуу жайларды түзүү» билим берүү мекемелеринин орундарынын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү долбоорунан 13293 евро,өлчөмүндөгү жабдуулар жана MIND (Management – Innovation - Development) Башкаруу – Инновация – Өнүгүү үчүн алынган жабдуулар 17000 еврого алынды. Мындан сырткары биомедициналык инженерия жана менеджмент тармагындагы билим берүүнү жакшыртуу үчүн Телетиичинг классы үчүн 10000 евро алынды. Быйылкы жылы DEFA долбооруна өттүк, ал боюнча 16500 еврого атайын кабинет жасалат.

## 2.4.Тарбиялык жана социалдык иштер

Заманбап бүтүрүүчүлөр үчүн социалдык жана жеке компетенциялarзарыл. Алардын көпчүлүгү окуу процеси менен гана эмес, билим берүү процесси жана тарбиялык процесси менен да байланышкан. ТалМУнун билим берүү системасын өнүктүрүү, илимий методикалык жактан камсыз кылуу жана студенттердин квалификациясын жогорулатууга багытталган окуу -методикалык тегерек столдорду, конференцияларды, методикалык семинарларды өткөрүү менен окуучуларды жана кураторлорду үзгүлтүксүз байланышта бириктирип, студенттик коллективдерде, факультеттерде окуу тарбия иштерин жакшыртууну максат кылат.

ТалМУнун окуу - тарбия ишинин негизин студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн, руханий, адеп-ахлактык жана эткалык баалуулуктарын калыптандыруу түзөт. Университеттин окуу-тарбия иштери төмөндөгүлөргө ылайык курулат жана жүргүзүлөт:

- уюштуруу иштери;
- мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иштерди жүргүзүү;
- тарбия иштери;
- маданий жана коомдук иш;
- спорттук жана эс алуу иштери.

Университетте Аксакалдар кеңеши, Этика кеңеши, көркөм маданият борбору, пресс-борбор, телестудия, жаңылыктар, ТалМУнун үн жаздыруу студиясы, бий ийримдери, комуз ийрими, вокалдык ийрим жана студенттик театр, КВН клубу иштеп келет 2018-жылы жана 2021-жылы университетте “Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө жобого” ылайык ТалМУнун Көзөмөлчүлүк кеңеши түзүлгөн. Жыл сайын унивеститетте салттуу түрдө мамлекеттик тил, ардагерлерге камкордук, майыптарга жардам жумалыктары өткөрүлүп келет. ТалМУнун салттык майрамдары: «Суденттерге демилге», «Кыргыз тилим – менин дилим», «Күзгү бал», “Манас” күнү”, “Студенттик күн”, факультеттер аралык КВН, «Мамлекеттик

символдор күнү», «Эне тил күнү», “Сармерден”, “Нооруз”, “Бактылуу балалык”, “Айтматовдук окуу”, жаны жылдык“Көгүлтүр от” ж.б.

Университеттин спорттук иши жаштарды ар тараптуу тарбиялоодо негизги багыттардын бири болуп саналат. Волейбол, шахмат, стол тенниси жана кичи футбол боюнча спорттук секциялар иштейт. Университетте жыл сайын ден соолук күнү өткөрүлөт. Шахмат боюнча турнир, профессордук -окутуучулар жамааты жана студенттер арасында спорттун көптөгөн түрлөрү боюнча университеттердин биринчилиги, ошондой эле мелдештер Ата-Мекенди коргоочулар күнүнө, 8-март Аялдардын л аралык күнүнө, 9-май Жеңиш күнүнө жана студенттер күнүнө карата өткөрүлүүдө. Ар окуу жылында университеттин спорттук командалары республикалык ЖОЖдор арасында катышат. Жаштар арасында колледждин волейбол командасы биринчи орунду жана биринчи лигада «Тогуз коргоол” командасы биринчи орунду, шахмат боюнча үчүнчү орунду ээлешти. Университеттин волейбол боюнча кыз-келиндер командасы шаардын жана областтын он жолку чемпиону. Окуу жайдын дене тарбия жана спорттук иш чаралары Э.Кутманалиев атындагы шаардык стадиондо, Талас шаарынын балдар жана өспүрүмдөр спорт мектебинин залында өтүүдө.

Студенттик өз алдынча башкарууну ТалМУнун студенттик парламенти ишке ашырат, ал окуу процессин уюштурууга, студенттик чөйрөдө эс алууну, жашоону социалдык жактан колдоого, спорттук жана билим берүү жана маданий иш- чараларды өткөрүүгө активдүү катышат. Экстремизмге, терроризмге, радикализмге каршы күрөшүү чараларына көп көңүл бурулууда. Жогорудагы темалардын алкагында жыл сайын ар кандай семинарлар, талкуулар, лекциялар, жолугушуулар өткөрүлүп, ага облустун мусулмандар дин башкармалыгынын өкүлдөрү, имамдар, Мэриянын облусттук мамлекеттик администрациянын жооптуу кызматкерлери, укук коргоо органдарынын өкүлдөрү чакырылат.

Университеттен тышкары студенттер жана кызматкерлер үчүн ашкана, буфеттер бар. Буфеттин кызматкерлери медициналык кароодон өтүшөт, коомдук тамактануу жайларында иштөөгө уруксаты бар.

### 2.5. Материалдык -техникалык база

Окуу жайдын материалдык–техникалык базасы жана потенциалы анын туруктуулугунун кепилдиги болуп саналат. Университет жыл сайын материалдык техникалык базанын абалын жакшыртуу боюнча мониторинг жана комплекстүү иш-чараларды жүргүзүп турат. Материалдык–техникалык базаны жакшыртуу үчүн иновациялык изилдөөлөр жана маалыматтык технологилардын негизинде билим берүү кызматтарынын бир катар жаңы багыттарын киргизүү каралган. Бул маселелер университеттин Окумуштуулар Кеңешинин отурумуна каралат. Окуу процессин уюштуруу үчүн ТалМУнун балансында жалпы аянты 13376,87 кв метр 8 окуу корпусу бар. Имараттарды жана окуу имараттарынын жайларын күтүү жана (санитардык эрежелердин талаптарын сактоо боюнча №17 27.05.2021 санитардык-эпидемиологиялык корутунду), ошондой эле өрт коопсуздугунун эрежелери (№01-10/272 30.12.2022 Талас областы боюнча КР ӨКМдин корутундусу) сакталат.

2022-жылы университет тарабынан технология-экономикалык факультетинин аймагына жаңы жабык спорт залынын курулушуна архитектуралык пландоо тапшырмасы жана документация даярдалган. Учурда бул үчүн керектүү каражат изделүүдө. 200-250 орунга эсептелинген студенттик жатакананын долбоору даярдалууда. №3,4,5 корпустардын

жылуулук системасы оңдолду. №8 корпусту капиталдык ремонттон өткөрүү сметасы даярдалды, колледждин окуу аудиторияларынны линолеумдары жаңыртылууда. Окуу корпустарындаг турникеттер ишке киргизилди. №4 окуу корпусунун жана колледждин чатырлары алмашылды. Магистранттар үчүн китепкана ремонттолуп жатат жана түрк тили борбору жасалууда. Башкы корпуста мамлекеттик тил борбору менен колледжде Ч.Айтматов кабинети түзүлдү.

Кесиптик орто билим берүү бөлүмүнүн көп тармактуу колледжинин негиздөөчүсү Талас мамлекеттик университети болуп саналат.

Китепканалык фонду университет ичиндеги басылмалар менен үзгүлтүксүз толукталып турат, алар университеттин профессордук- окутуучулар курамынын окуу жана окуу -методикалык көрсөтмөлөрүн, окуу дисциплинасын изилдөө, өнүктүрүү, окуунун айрым түрлөрүн ишке ашыруу боюнча методикалык сунуштарды, нускамаларды жана колдонмолорду камтыйт.

Жыл сайын кафедралар методикалык жана тарбиялык жактан камсыз кылуучу илимий адабияттардын картасын түзөт. Китепкана кафедралар менен бирдикте дисциплиналарды окуу китептери менен камсыз кылуунун эсебин дайыма жүргүзүп турат.

Керектүү адабияттарды алуу үчүн китеп сатуучулар менен кат алышуу жүргүзүлөт, атап айтканда «Раритет» китеп фирмасында прейскуранттар электрондук түрдө каралат. Республиканын башка жогорку окуу жайларынын китепканаларынын ортосундагы кат алышуулар электрондук почтанын жардамы менен ишке ашырылат.

ТалМУнун окуу корпустарында 4 окуу залы бар. Китепкананын жалпы фондусу 69324 нусканы түзөт, анын 30 пайызы кыргыз тилинде басылып чыккан адабияттар. Фонддо ошондой Сорос-Кыргызстан фондунун китептери, арноо китептери 2519 нуска жана Д.Казакбаев атындагы фонддун жалпы саны 1066 китеп бар. Колдонмолордун жана нускамалардын жалпы саны 9186 нусканы түзөт. ИРБИС прогромасынын электрондук каталогу 5000 нуска китепти, анын ичинде «Автордук рефераттар жана диссертациялар» электрондук каталогун камтыйт. 2018-2023-жылдары төмөнкү илимий журналдарга жана газеталарга жазылуу жүргүзүлгөн: «Мектеп математикасы», «Информатика жана билим», «Курулушту механизациялаштыруу», «Мектептеги чет тилдер», «Башкы бухгалтер» ж.б. журналдарга жана гезиттерге жазылуу жүргүзүлдү. «Тарых, этнология, археология», «Транспорт: илим, техника, башкаруу», Эл аралык уюмдардын жарчылары: билим берүү илим, жаңы экономика, экономика жана башкаруу, эсептөө технологиялары, компьютердик жана маалыматтык технологиялар тармактары боюнча, «Кыргыз тилинде окуткан мектептерде орус тили жана адабияты», «ХХ1кылымдагы мектеп географиясы жана экологиясы» ж.б.

Китепкана библиографиялык процесстерди компьютерлештирүүнү ТалМУнун китепканасына 2014-жылдан бери киргизилген «ИРБИС» автоматташтырылган китепканалык программасынын негизинде ишке ашырылат. ТалМУнун электрондук китепканасы түзүлүп, ага кирүү веб-сайт аркылуу ишке ашырылат. Электрондук китепкананын жалпы фонду 5400 китепти түзөт. Университеттин китепкана маалымат ресурстарын жана кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү максатында «Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун ассоцациясы» долбоорунун алкагында республиканын башка ЖОЖдорунун китепканалары менен активдүү иш алып барууда. Китепканада жаңы технологияларды киргизүү жана маалыматтык ресурстарга жетүү үчүн 11 компьютер жана 3 принтер бар. Университеттин бардык окуу корпустарында өткөрүү жөндөмдүүлүгү 5-10 МБит/сек болгон WI-FI тармагы орнотулган. Дистанттык билим берүү технологиялары борборунун электрондук ресурсунда жана веб-сайтында онлайн окутуу үчүн билим берүү

порталы түзүлдү, лекция конспекттеринин, дисциплиналардын окуу–усулдук материалдарынын окуу жана окуу куралдарынын электрондук версиялары камтылган. ТалМУнун кредиттик жана дистанттык окуу системаларынын процесстери АВН автоматташтырылган маалыматтык системасынын жардамы менен ишке ашат..

**Университетин** www.talsu.kg веб-сайты бар, анда укуктук-мыйзамдык база, сапат менеджмент системасы, ТалМУнун окуу-илимий, окуу-методикалык, тарбиялык иш-чаралары жана башка материалдар чагылдырылган. Университеттин ченемдик-укуктук базасын камтыган ички документ жүгүртүү университеттин кызматкерлеринин жана түзүмдүк бөлүктөрүнүн электрондук почтасы дана Инфодок аркылуу ишке ашырылат.

Университеттин жана анын түзүмдүк бөлүктөрүнүн кадрларды даярдоо үчүн маалыматтык технологиялык инструменттерге (МТК) керектөөлөрүн аныктоонун, баалоонун жана пландаштыруунун негизги критерийлери болуп университеттин жаңы маалыматтык технологиялар чөйрөсүндө, анын ичинде окутууну, башкарууну жана мониторингди өнүктүрүү саналат. Алдыга коюлган милдеттерди чечүү үчүн бухгалтердик эсеп системасын колдонуу менен университеттин жетекчилигинин башкаруу жана финансылык экономикалык саясатында сапаттык жактан жаңыча мамиле керек. ТалМУнун профессордук-окутуучулар курамы жыл сайын ички аттестациядан өтүп, анын жыйынтыгында аларга диференцияланган эмгек акы белгиленет. Мугалимдердин эмгегине акы төлөө системасы дайыма өркүндөтүлүүдө.

## 2.6. Натыйжалуу башкаруу жана университеттин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу

Университетти башкаруунун эфективдүү системасынын шарттарынын бири - заманбап шарттарда атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү камсыз кылуу. ТалМУнун башкаруу системасына талдоо жүргүзүүдө анын функционалдык мүнөзгө ээ экендигин көрсөтүп турат, бул жогорку деңгээлде бүткүл уюмдун ишинин натыйжалуулугун камсыз кылуучу функционалдык бөлүмдөрү, төмөнкү деңгээлдеги структуралык бөлүмдөрү эсептелет. Белгилүү даражадагы өз алдынчалык жана тиешелүү жоопкерчилик менен оперативдүү башкаруу, ИММИДЖ саясатын илгерилетүү аркылуу тышкы чөйрөдө университеттин заманбап иммиджин калыптандыруу боюнча активдүү иштер жүргүзүлүүдө. ТалМУнун имидждик саясаты ТалМУнун позитивдүү имиджин түзүүгө, университеттин аймактык, республикалык деңгээлдеги стратегиялык милдеттерин ар түрдүү тармактарда чечүүгө салым кошууга, университеттин маалыматтык бөлүмдөрүн натыйжалуу координацияланган байланыш ресурстарын пайдаланууга багытталган.

Университетте магитсратура бөлүмү, 3 факультет, 9 кафедра, аралыктан окутуу технологиялары борбору (ЦДОТ) жана орто кесиптик билим берүү бөлүмү (ОСПО) бар.

| № | Факультеттин аталышы | Кафедранын (секциянын) аталышы |
|---|---|---|
| 1. | Табият таануу жана педагогикалык билим берүү | Педагогика<br>Математика, физика и информатика<br>Табият таануу<br>Биоинженерия |
| 2. | Гуманитардык факультет | Тарых жана коомдук илимдер<br>Кыргыз тили жана адабияты<br>Чет тили<br>Орус тили жана адабияты |

| | | |
|---|---|---|
| 3. | Технолого-экономикалык факультет | Экономика жана мамлекеттик башкаруу<br>Технологиялык процесстердин техноогиялары |
| 4. | ОСПО (колледж) | Математика жана техникалык илимдер<br>Гуманитардык илимдер<br>Коомдук, экономикалык илимдер<br>Естественные науки<br>Педагогика |
| | Магистратура | Педагогика<br>Филологиялык билим берүү<br>Социалдык-экономикалык билим берүү |
| | "Бектур агай"атындагы IT лицей | 8,9,10-класстар |

Окумуштуулар кеңеши университеттин ишинин негизги маселелерин караган жогорку коллегиялуу башкаруу органы болуп саналат. Окумуштуулар кеңешинин курамы жогорку квалификациялуу окутуучулардын, студенттик активисттердин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин ичинен шайланат жана Окумуштуулар кеңеши менен макулдашылат. Университеттин Окумуштуулар кеңешинин иши Окумуштуулар кеңешинин жыйналышында бекитилүүчү планга ылайык уюштурулат. Окумуштуулар кеңеши айына бир жолу чогулат жана стратегиялык маанилүү маселелерди чечет: университеттин иш пландарын карайт жана бекитет, окуу- методикалык, тарбиялык, илимий, финансы чарбалык иштердин актуалдуу маселелерин дайыма көзөмөлгө алат. Планга кирбеген Окумуштуулар кеңешинин жыйналыштарынын маселелери, университеттин кафедра башчылары кирген ректораттын жайналыштарында каралат. Ректораттык жыйындар айына 4 жолу өткөрүлөт. Анын ишинин планы оперативдик мүнөздөгү университеттин проблемаларынын бүтүндөй комплексин камтыйт

Университеттин окуу-методикалык кеңешинин (УМК) жыйналыштары үзгүлтүксүз өткөрүлүп турат. (УМС) ишмердүүлүгү окуу процессин усулдук камсыздоо жана өркүндөтүү менен бирге, окуу- методикалык иштерди уюштурууну жана өркүндөтүүнүн алдыңкы тажрыйбаларын жалпылоонун жана жайылтуунун, окутуунун жаңы технологияларын киргизүүнүн негизги көйгөйлөрүн камтыйт. Университеттин профессордук окутуучулук курамы мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүү стандартынын негизинде окуп жаткан предметтер боюнча окуу-методикалык комплексти даярдайт. Студенттерди университеттин жана түзүмдүк бөлүмдөрүн коомдук турмушуна тартуу иштери академиялык топтордун кураторлору жана студенттик парламент менен бирге жүргүзүлөт.

## III. ТалМУнун ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНӨ СТАТИСТИКАЛЫК АНАЛИЗ 2018-2023 ж.

### 1. Окуу процесси

### ТалМУнун ПО курамы

| Структура-лык бөлүмдөр-дүн | Окуу жылы | Кафедра лардын саны | Окутуучулар -дын саны | Илим-дин доктор-лор | Илимдин кандидатт ары | Ага окутуучу-лар | Окутуучу -лар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| аталышта-ры | | | | | | | |
| ТалМУ | 2018-2019 окуу жылы | 9 | 82 | 4 | 28 | 20 | 28 |
| | 2019-2020 окуу жылы | 10 | 111 | 5 | 29 | 23 | 46 |
| | 2020-2021 | 9 | 123 | 5 | 29 | 37 | 56 |
| | 2021-2022 Окуу жылы | 9 | 119 | 5 | 30 | 23 | 57 |
| | 2022-2023 | 9 | 107 | 5 | 30 | 23 | 49 |
| ОСПО (колледж) | 2018-2019 окуу жылы | 5 | 52 | | | | 52 |
| | 2019-2020 окуу жылы | 5 | 61 | | | | 61 |
| | 2020-2021 окуу жылы | 5 | 64 | | | | 64 |
| | 2021-2022 окуу жылы | 5 | 64 | | | | 64 |
| | 2022-2023 окуу жылы | 5 | 64 | | | | 64 |
| Бардыгы | 2018-2019 окуу жылы | 14 | 134 | 4 | 28 | 20 | 80 |
| | 2019-2020 окуу жылы | 15 | 172 | 5 | 29 | 23 | 107 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2020-2021 окуу жылы | 14 | 187 | 5 | 29 | 37 | 101 |
| | 2021-2022 Окуу жылы | 14 | 183 | 5 | 30 | 23 | 121 |
| | 2022-2023 Окуу жылы | 14 | 171 | 5 | 30 | 23 | 113 |

**2. ПО курамынын багыттар жана кесиптери боюнча илимий даражаларга ээ болушу**

ТалМУда бардыгы 107 окутуучу, алардын ичинен 5 илимдин доктору, 30 илимдин кандидаты бар. Окутуучулардын илимий даражалары жалпы – 39,59 % түзөт

| № | Шифр | Багыттары | % илимий даражалуулар |
|---|---|---|---|
| **1** | 550100 | Табигый- илимий билим берүү | 7 |
| **2** | 550300 | Филологиялык билим берүү | 6 |
| **3** | 550200 | Физика-математикалык билим берүү | 2 |
| **4** | 550400 | Социалдык-экономикалык билим берүү | 8 |
| **5** | 550700 | Педагогика | 12 |
| **7** | 580100 | Экономика | 2 |
| **8** | 670300 | Транспортных процесстердин технологиясы | 2 |
| | | | **36** |

**3. Студенттердин контингенти**

| Структуралык бөлүмдөр | Окутуу формасы | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020 2021 | 2021 2022 | 2022 2023 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Баклавриат | Бюджет | 196 | 220 | 217 | 209 | 205 |
| | Контракт | 512 | 517 | 623 | 606 | 449 |
| | Дистант | 421 | 416 | 481 | 508 | 301 |
| | Сырттан окуу | 432 | 495 | 378 | 509 | 927 |
| СПО | күндүзгү | 785 | 799 | 897 | 819 | 848 |
| | Сырттан окуу | 457 | 450 | 345 | 298 | 429 |
| **Баары:** | | **2803** | **2897** | **2941** | **2949** | **3159** |

**4. Бүтүрүүчүлөрдүн саны**

| Структуралык бөлүмдөр | Академиялык даража | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ТалМУ | Бакалавр | 306 | 329 | 403 | 410 | 356 |
| | Магистратура | - | - | - | - | - |
| ОСПО | Кесипкөй | 232 | 363 | 355 | 361 | 323 |
| **Баары:** | | **538** | **692** | **758** | **771** | **679** |

| № | Окуу жылы | Ишке орношкондор (%) |
|---|---|---|
| 1 | 2018-2019 | 57% |
| 2 | 2019-2020 | 54% |
| 3 | 2020-2021 | 62% |
| 4 | 2021-2022 | 68% |

### 5. Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу

| Окуу жылы | Бүтүрүүчүлөрдүн саны | Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу |
|---|---|---|
| 2018 | 426 | 355 |
| 2019 | 590 | 329 |
| 2020 | 403 | 217 |
| 2021 | 412 | 193 |
| 2022 | 356 | 286 |

### 6. Президенттик стипендианттар

| 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 | 2022-2023 |
|---|---|---|---|---|
| 2 | 2 | 2 | 1 | 2 |

### 7. Алынган лицензиялар

| Структаралык бөлүмдөр | Даража | 2015-2016 | 2016-2017 | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ТалМУ | бакалавр | Менеджмент<br><br>№ LD 150000790 от 20.07.2015 ж | Саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия<br><br>№ LD 170001220 07.07.2017ж | Прикладдык математика жана информатика<br><br>№ LD 180000370 27.06.2018ж. | | |
| | Бакалавриатты 10 багыт боюнча даярдоодогу мөөнөтсүз лицензиялар | | №LD 170000199 от 28.02.2017г. 550100 «Табигый илимдер боюнча билим берүү»; 550200 «Физико-математикалык билим берүү»; 550300«Филологиялык билим берүү»; 550400 «Социалд | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | ык-экономикалык билим берүү»; 550700 «Педагогика»; 580100 «Экономика»; 580200 «Менеджмент»; 670300«Транспорттук процесстердин технологиясы»; 710200«Маалыматтык системалар жана технологиялар» | | | | |
| 32Кошумча билим берүү | Курстар | 1.Жеке компьютердин оператору, лицензия №LE 160002585 29.06.2016 ж.<br><br>2.Бухгалтердик учет и аудит, 1С бухгалтерия, лицензия № LE 160002585 | 1.IT технология (10 мес.), лицензия №LE170000430 27.02.2017 ж.<br><br>2.Англис тили (4 мес.), лицензия №LE170000430 27.02.2017 ж. | | 1. Web-иштеп чыгуу (5 мес.), лицензия №LS190001447 25.03.2019 ж<br><br>2.Кыргызтили (3 мес.), лицензия №LS190001447 25.03.2019 ж.<br><br>3. Орус тили(3 мес.) лицензия №LS1900014 | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 29.06.2016 ж. | | | 47 25.03.2019 г.<br><br>4. ЖРТ,га даярдоо лицензия №LS 190001447 25.03.2019 ж. | |
| КОБББ | адис | | | Дене тарбиясы № LD 140000237 16.07.2018 ж.<br><br>2. Ачык тоо кен иштери№ LD 180000305 14.06.2018 ж.<br><br>3.Компьютердик системалар жана комплекстер № LD 180000305 14.06.2018 ж<br><br>4. Социалдык педагогика № LD 140000237 16.07.2018жылдан | | |

## 8. Билим берүү программаларын аккредитациялоо

| Аккредитациялык агентстволор | Багыты/профиль | 2016 - 2017 | 2017 - 2018 | 2018 - 2019 | 2019 - 2020 | 2020 - 2021 | 2021 - 2022 | 2022 - 2023 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| «EdNet» билим берүүнүн сапатын гарантиялоо боюнча агентсво | 550200 «Физика-математикалык билим берүү» (Математика) | + | + | | | | + | |
| | 550700 «Педагогика», профиль «башталгыч билим берүүнүн педагогикасы» | + | | | | | + | |
| | «айыл чарба бакалаврь» | + | | | | | + | |
| | «Транспорттук технологиялар процесси», профиль: «Жол кыймылынын коопсуздугун уюштуруу» | + | + | | | | + | + |
| ААОПО | 580100 «Өндүрүштө экономиканы башкаруу» | | | + | | | | |
| | 580100 «Бухгалтердик эсеп жана аудит» | | | + | | | | |
| «EdNet» | 710200 «Иформациялык системалар жана технологиялар» | | | | + | | | |
| Эл баасы | 550300 «Филологиялык билим берүү», профили «Орус тили жана адабияты», «Кыргыз тили жана адабияты», «Англис тили», 550400 “Социалдык-экономикалык | | | | + | | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | билим берүү", профил "Тарых " | | | | | | | |
| | 550100 "Биология" | | | | | + | | |
| | 550100 "География" | | | | | + | | |
| | Саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия | | | | | + | | |
| Эл баасы | 510200 "Прикладдык математика жана информатика" | | | | | + | | + |
| ААОПО | 550200 «Физика-математикалык билим берүү (Информатиа) | | | | | | | + |
| | 550700 «Педагогика», профиль «башталгыч билим берүүнүн педагогикасы» (Магистр) | | | | | | | + |
| ААОПО | **ОП СПО** | | | | | | | |
| | 220206 "Маалыматты автоматташтыру у системасы жана башкаруу" | | | + | | | | |
| | 190604 "Автомобиль транспортун ремонттоо жана техникалык тейлөө" | | | + | | | | |
| | 140212 "Электр менен камсыздандыруу " | | | + | | | | |
| | 030503 "Укук таануу" | | | + | | | | |
| | 080110. "Бухгалтердик | | | + | | | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | учет жана аудит” | | | | | | | |
| | 050721 “Дене тарбия жана спорт боюнча мугалим” | | | + | | | | |
| | 050709 “Башталгыч класстардын мугалими” | | | + | | | | |
| Эл баасы | 050704 “Мектепке чейинки билим берүү” | | | | + | | | |
| ААОПО | 230108 “Компьютерлер системасы жана башкаруу ” | | | | | + | | |
| ААОПО | 050303 “Чет тили мугалими” | | | | | + | | |
| ААОПО | 130403 “Ачык тоо кен иштери” | | | | | + | | |

**9. Окуу, өндүрүштүк, педагогикалык базалар:**

Адистерди сапаттуу даярдоону камсыздоо үчүн Талас регионундагы 40 меке-уюмдар менен келишимдер түзүлгөн:

| № | Организации | Келишимдердин саны |
|---|---|---|
| **1** | Финансылык-кредиттик мекеме | 15 |
| **2** | Жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары | 4 |
| **3** | Жол—эксплуатациялоочу мекеме | 4 |
| **4** | Байланыш мекемелер | 2 |
| **5** | Жаратылышты коргоо мекемелери | 2 |
| **6** | Электр тармактары боюнча мекемелер | 1 |
| **7** | Жалпы билим берүүчү мектептер | 8 |
| **8** | Мектепке чейинки мекемелер | 4 |
| | **Баары:** | **40** |

## 2.8. Негизги көйгөйлөргө анализ

Университеттин жогорудагы билим берүү, илим багытындагы жетишкендиктерине карабастан жакынкы жылдарда жалпы коллективдин чечүүгө көп куч жумшаган маанилүү маселелери бар:

- рентабелдүү эмес аз сандагы бакалавриаттагы өзүн өзү актабаган адистиктердин болушу;

- билим алуучуларды иш берүүчүлордүнжана магистратуранын эсебинен камсыздашынын жоктугу;
- Финансыланган илимий-изилдөө иштерине жаш окумуштуулардын аз тартылышы
- Илимий изилдөо иштеринин натыйжаларын окуу процессине жана өндүрүшкө жайылтуу,
- жогорку жана төмөнкү импакт-фактор менен илимий макалаларды чет элдик журналдарда аз жарыкка чыгаруу,
- ПОКтун чет тилдерди төмөнкү деңгээлде билиши,
- ЖОЖдун академиялык ишмердигинде башка улуттун өкүлдөрдүн аз болушу;
- Тарбиялык иштерди, окуу жана илимий иштерди андан ары алдыга жылдыруу

## III. УНИВЕРСИТЕТТИН МИССИЯСЫ

ТалМУнун миссиясы – заманбап кесиптик компетенттүүлүккө ээ, атаандаштыкка жана ийгиликтүү карьералык өсүүгө жөндөмдүү адистерди даярдайбыз.

## VI. УНИВЕРСИТЕТ КЕЛЕЧЕКТЕ

ТалМУнун келечеги – маданий адеп-ахлактык баалуулуктарды сактоо менен аймактардын өнүгүшүнө салым кошкон илимий-изилдөөлөргө жана инновацияларга таянып, сапаттуу билим берүүнү камсыздоо.

## V. УНИВЕРСИТЕТТИН СТРАТЕГИЯЛЫК МАКСАТТАРЫ ЖАНА АЛАРГА ЖЕТҮҮ ҮЧҮН КОЮЛГАН МИЛДЕТТЕР

### ТалМУнун стратегиялык максаттары:

1. Кыргыз Республикасындагы алдыңкы рейтингдеги 10 жогорку окуу жайлардын катарына кирүү;
2. Инфраструктураны модернизациялоо аркылуу университетти санариптештирүү;
3. Университеттин кирешесин эки эсеге көбөйтүү.

### *Стратегиялык максат №1.* Кыргыз Республикасындагы алдыңкы рейтингдеги 10 жогорку окуу жайлардын катарына кирүү

**№1 стратегиялык максатка жетүү үчүн алдыга коюлган милдеттер:**

1.1. Көз карандысыз аккредитациялык агенттиктерден билим берүү программаларын институционалдык жана программалык аккредитациялоодон өткөрүү;

1.2. Университеттин ISO 9001:2018 (ГОСТ ISO 9001-2018) стандартына негизделген сапат менеджмент системасын (СМС) өнүктүрүү;

1.3. Окутуучулар менен студенттердин республика ичиндеги жана эл аралык академиялык мобилдүүлүгүн кеңейтүү;

1.4. Университетте көп тилдүү билим берүү принциптерин жайылтуу, педагогикалык багыттагы профилдерди орус тилдүү мектептерге даярдоо;

1.5. Окуу процессин жаңы окуу китептери (куралдары), окуу-усулдук көрсөтмөлөрү менен камсыз кылууну күчөтүү жана университеттин профессордук-окутуучулар курамы тарабынан даярдалган эмгектердин сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүн жогорулатуу;
1.6. Кош дипломдуу билим берүүнү чет өлкөлүк жогорку окуу жайлары менен биргеликте өнөктөшүп ишке ашыруу;
1.7. Университетти бүтүп кеткен бүтүрүүчүлөр жана иш берүүчүлөр менен жигердүү кызматташуу, ошондой эле кайтарым байланышты күчөтүү;
1.8. Жогорку квалификациялуу илимий кадрларды даярдоону өнүктүрүү жана окутуучулардын квалификацияларын системалуу түрдө жогорулатуу;
1.9. Web of science, Scopus, РИНЦ библиографикалык базасына кирген эл аралык журналдарга жарык көргөн илимий макалалардын сандык жана сапаттык (шилтеме индекс) көрсөткүчтөрүн жогорулатуу.

***Стратегиялык максат №2.* Инфраструктураны модернизациялоо аркылуу университетти санариптештирүү**

**№2 стратегиялык максатка жетүү үчүн алдыга коюлган милдеттер:**

**2.1.** Университеттин инфраструктурасындагы объектилерди жана материалдык-техникалык базасын заманбап жаңылоо;
**2.2.** Университеттеги окуу процессин уюштурууну жана башкарууну санариптештирүү;
**2.3.** Окуу процессиндеги мониторинг жүргүзүүнүн жана сапатка көзөмөл кылуунун заманбап механизмдерин жайылтуу;
**2.4.** Электрондук ресурстарды өнүктүрүү жана санариптештирүү;
**2.5.** Университеттин жалпы структуралык тутумун санариптештирүү (санарип университет;
**2.6.** Социалдык-маданий жана ден соолукту чыңдоочу спорттук инфраструктураны өнүктүрүү.

***Стратегиялык максат №3.* Университеттин кирешесин эки эсеге көбөйтүү**

**№3 стратегиялык максатка жетүү үчүн алдыга коюлган милдеттер:**

**3.1.** Билим берүү, илим жана социалдык чөйрөдө университеттин жетишкендиктерин системалуу жайылтуу менен университеттин позитивдүү имиджин калыптандыруу, сырткы чөйрөдө татыктуу таанылуусуна жетишүү;
**3.2.** Бизнес-инкубатордун ишмердүүлүгүн жакшыртуу жана студенттердин инновациялык стартап долбоорлорун жайылтуу;
**3.3.** Эл аралык байланыштарды күчөтүү жана системалуу иш жүргүзүү менен эл аралык долбоорлорго, программаларга активдүү катышуу;
**3.4.** Жаңы заманбап керектүү адистиктерди ачуу;
**3.5.** Илимий долбоорлор менен иш алып барууну күчөтүү;
**3.6.** Абитуриенттерди кабыл алуу процессин натыйжалуу уюштуруу.
**3.7.** Чет өлкөлүк абитуриенттердин жана окутуучулардын санын көбөйтүү.
**3.8.** Жеке жарандарга, фермерлерге, дыйкандарга, ишкерлерге бизнес-план, стартап долбоорлорун түзүү боюнча борборду түзүү жана анын ишмердүүлүгүн жакшыртуу менен кошумча киреше табуу.

**VII. ТалМУнун өнүктүрүү стратегиясын иштөөдө колдонулган программаладын жана нормативдик-укуктук документтердин тизмеси**

1. Кыргыз Республикасынын 1994-жылдын 5–апрелиндеги “Илим жөнүндө жана мамлекеттик илимий техникалык саясаттын негиздери жөнүндө мыйзамы (1.06.2012 –жылдын редакциясына ылайык).
2. “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-апрелиндеги мыйзамы (16.01.2015)
3. “Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 31-июлундагы мвйзамы
4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы №201 “Өнүгүүнүн стратегиялык багыттары жөнүндө токтому
   -Кыргыз республикасындагы билим берүү системасы анын ичинде Кыргыз Республикасында 2020 –жылга чейин билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы
   - Кыргыз Республикасында 2012-2020-жылдарга билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы
   -Кыргыз Республикасында 2012-2014-жылдарга билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планы
5. Кыргыз Республикасынын 2012-жылын 8-августундагы “Коррупцияга каршы күрөшүү”тууралуу закону
6. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 21-янарындагы №11 “Туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы жөнүндө”
7. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 12-ноябрындагы №215 “Мамлекеттик бийлик органдарындагы саясий жана системалуу коррупциянын себептерин жоюуу боюнча чаралар жөнүндө”
8. Кыргыз Республикасынын 2015-жылга социалдык- экономикалык абалы статистикалык жыйнагы, Бишкек 2016-жыл
9. 2021-2040-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиясы
10. ТалМУнун 2020-2025–жылдарга стратегиялык өнүгүү планы
11. План действий по трансформации вузовского образования в модель Университета 4.0 МОН КР.

**Талас мамлекеттик университетинин стратегиялык өнүгүү планына кошумаларды жана толуктоолорду киргизүү боюнча комиссиясы**

**Комиссиянын төрагасы: 1**.Жумалиев С.С. – ф.и.д., профессор, ТалМУнун окуу жана илимий иштери боюнча проректору

**Комиссия мүчөлөрү:** 2.Жунусалиева К.Т. – ф.и.к., доцент, мамлекеттик тил боюнча проректор

3. Куттубаева Д.Д.- п.и.к.,окуу бөлүмүнүн башчысы
4.Абдиева Ж.К. – гуманитардык факультеттин деканы,
5.Курманалиева А.О. – т.и.к., доцент, технология-экономикалык факультеттин деканы
6.Койчуманов З.Т. – б.и.к., доцент,табият-таануу жана педагогикалык факультеттин деканы
7.Ажибаева А.Ж. – п.и.доц.,профессор , ОСПОнун директору (колледж)
8.Укуева А.К. – с.и.к.., доцент,ЦДОТтун директору
9.Абдраимов Э.А. – ТалМунун профсоюздар уюмунун төрагасы
10.Нуралиева А.Т. – тышкы байланыштар бөлүмүнүн башчысы
11.Бешкемпирова В.К. – кадрлар бөлүмүнүн башчысы
12.Шайланова М.М- сапат бөлүмүнүн специалисти
13.Умарбекова А.А- п.и.к, педагогика кафедрасынын башчысы
14.Камчыбекова Г.Ж. – башкы бухгалтер
15.Сагынбаева К.Т. – экономика бөлүмүнүн башчысы
16.Уркунбаева Р.А. – п.и.к. орус тили жана адабияты кафедрасынын башчысынын милдетин аткаруучу
17. Умөтов Э.А.-ф.и.к,
18.Жусупова М.М. – т.и,к., доцент,
19.Айталиева Т.К. – ф.и.к., доцент
20.Омурканов Б.А. – Талас билим берүү борборунун директору
21.Нукешов С.Т. –педагогика кафедрасынын ага окутуучусу